УДК: 133.3 (575.2.) (04)

## САНДАРГА БАЙЛАНЫШКАН ЧЕКСИЗДИК ФИЛОСОФИЯСЫ

**Кочкорбаева Жыпаргүл Ибраимовна**
КР УИАнын А.Алтмышбаев атындагы Философия институту
**Исмаилова Айгүмүш,**
С. Мамбеткалиев атындагы Чүй университети,
филология илимдеринин кандидаты, доценттин милдетин аткаруучу

## ФИЛОСОФИЯ БЕСКОНЕЧНОСТИ, СВЯЗАННАЯ С ЧИСЛАМИ

**Кочкорбаева Жыпаргуль Ибраимовна**
Институт философии имени А.Алтмышбаева НАН КР
**Исмаилова Айгумуш,**
С. Чуйский университет имени Мамбеткалиева,
кандидат филологических наук, и.о. доцента

## THE PHILOSOPHY OF INFINITY RELATED TO NUMBERS

**Kochkorbayeva Zhypargul Ibraimovna**
Institute of Philosophy named after A. Altmyshbaev of NAS KR
**Ismailova Aygumush,**
S. Chui University named after Mambetkaliev,
candidate of philological sciences, acting associate professor

**Аннотация.** Бул макалада сандын философиялык жана сакралдык маанилери ачылып берилген. “Сан” философиясы - бул эң абалкы түшүнүк жана факт. “Сан” деген сөз ааламдык глобалдык алкактан баштап, жер бетиндеги көз көрүп турган, жер түбүндөгү бардык жандуу жана жансыз, ошондой эле чоң кичине, рухтуу жана рухсуз объектилерди фактыга айландырган универсал сөз. Сандын жөнөкөй сөз же эсеп эместигин биздин күнүмдүк турмушта колдонулган нерселерден эле билүгө болот. Бул тууралуу макалада кеңири жазылган. САН – ааламдык материалдык философияга жуурулушкан сакралдык-практикалык феномен дешке негиз бар.

**Негизги сөздөр:** сан, сакралдык, философия, рух,космос, астрология.

**Аннотация.** В данной статье раскрываются философские и сакральные значения числа. Философия «числа» является наиболее актуальной концепцией и фактом. Слово «число» — универсальное слово, превращающее в факты все одушевленные и неживые, большие и малые, духовные и недуховные объекты на поверхности земли. Число – это не простое слово или расчет, его можно увидеть на примере вещей, которые мы используем в повседневной жизни. Об этом подробно написано в статье. Есть основания говорить, что ЧИСЛО – это сакрально-практический феномен, заложенный в общечеловеческую материальную философию.

**Ключевые слова:** число, сакральное, философия, дух, космос, астрология.

**Abstract.** Philosophical and sacred meanings of numbers are revealed in this article. Philosophy "number" is the most relevant concept and fact. The word "number" is a universal word that turns into facts all animate and inanimate, large and small, spiritual and non-spiritual objects on the surface of the earth. A number is not a simple word or calculation, it can be seen in the example of things that we use in everyday life. This is written in detail in the article. There is reason to say that NUMBER is a sacral-practical phenomenon embedded in universal material philosophy.

**Key words**: number, sacred, philosophy, spirit, cosmos, astrology.

"Сан" деген сөз уюгуна кыргыздын тилинде көптөгөн түшүнүктөр кирет. Чынында "Сан" деген сөз ааламдык глобалдык алкактан баштап, жер бетиндеги көз көрүп турган, жер түбүндөгү бардык жандуу жана жансыз, ошондой эле чоң кичине, рухтуу жана рухсуз объектилерди фактыга айландырган универсал сөз деп койсо болот.

Көзгө көрсөтүп, ой тегирменине салып майдалап, кайра бүтүндөп, көзгө илешпегенин аң-сезими, акылы менен таразалап кабыл алып, көкүрөккө түйүп турчу чын дүйнөлөрдүн (реальный мир деген мааниде) сөз түрүндө белгиленчи түрмөгү катары каралат демекчибиз.

"Сан" деген сөзгө маани бербей, жөнөкөй көз караш менен мамиле жасачу болсок, анын сакралдуу, касиеттүү күчү жоголот. Ошентип, "Сан" – фактыга айланган сөз түрмөгүн жаратат дедик. Анын маани-маңызын ой тегирменине салып көрсөк, катардагы жөнөкөй эле мамиле жасап койгонсуйбуз. "Ии, сан деген сан экен, эсеп да... " деп гана коёрубуз бышык. Дегенибиз менен "сан" түшүнүгү катардагы жөнөкөй түшүнүк эместигин мындан билсе болооруна ынанабыз акыры.

Дегеле дүйнө ааламда фактыга айланган көрүнүш кубулуштар, буюм-тайымдар, тоо таш, жер суулар, асман, ай күн сыяктуу табигый зор объектилердин катарында мааниси боюнча аларга теңелип турган, көзгө илешип илешпеген майда, жандуу жана жансыз нерселер өз тагдыры менен жашай беришет.

Адамзаттын эң абалкы аң-сезим бүртүктөрү жарала баштаган абалындагы – гомо сапиенс, башкача айтканда, тарыхка чейинки адамдар өздөрү үчүн фактыга айланткан ааламда жашап, ошого жараша "аз, көп, ашыкча, кем, жок" деген түшүнүктөрдү жаратышып, натыйжасында сапатынан мурда санына көбүрөөк маани беришкен. Аларды өлбөй жашоо үчүн маанилүү деп билишкен. Ошого жараша тагдырын, тирүүчүлүгүн, ой-максаттарын, ишеничтерин байланыштырышкан.

Келерки этапта сапатына маани берилип, – чоң кичине, кооз одоно, пайдалуу, пайдасыз деген эмпирикалык практикалык жол аркылуу көптүк сандан, көлөмдөн, сөөлөттөн кийинки планга жогорку аталган түшүнүктөр чыгышкан. Демек, "Сан" философиясы эң абалкы түшүнүк жана факт. Аң-сезим менен акыл, интеллект субстраттары жаңыдан түптөлүп, баш мээнин жогорку кыртышы подкорка каймактап, адамзат өзү жашаган чөйрөдөн баштап ааламдык түшүнүктөрдүн эң алгачкы фактыларын сөз, үн, символдук башка белгилер аркылуу өздөштүрө баштаган доордогу чындыктар эле.

"Сан" деген сөз түшүнүгү баш-аягы жок, түбү түшкөн түгөнбөс дүйнөлөргө байланышат да, бардык көзгө урунбаган, көрүнбөгөн сөздөрдүн бир кылка катарынан турган түрмөктөрүнөн жаралат. Ошон үчүн кыргыздын тилинде "сан" деген уюктан көп сөздөр өнүп чыгышкан жана кыргыздын тили эң байыркы тил катары уйкаштыкка эп келген тил болгонун биздеги төкмө акындар, манасчылар, кошокчу, дастанчылар тастыкташат.

"Сан" деген сөз уясынан төмөнкү сөздөр өсүп чыгат: сандык, сансыз, санташ, санаа, санжыра, саналуу, сандырак, сан (синоним болсо да адамдын дене мүчөсү), санаркоо, Сансызбай, санарип, Санагүл, Санамжан, Сания, санда жок, санаалаш ж.б.у.с. Адеттегидей, бул

сөздөрдүн тизмеги конкретикасыз, комментарийсиз улана берет. Тар чөйрөнүн эмес, ааламдык чексиз чөйрөлөрдү жабдып, толтуруп, камтып турган реалий сөздөр катары түшүнүш керек. Демек, "сан" ошол реалий чындыктарды билдирген аталыштар деп айтсак болот.

Эгерде конкреттүү фактыга айланган дайындуу сөздөргө кайрылсак, анда кыргыз эли жана башка элдер деле санга сакралдуу маани беришкен. Мисалы: үчүлүк, жетилик, кырк күндүк, кырк ашы (бул салт бардык түрк элдеринде бар), тогуз тартуу, тогуз табак, тогуз коргоол, эки ок, үч ок, он ок, төрт ас, үч кат, кош кат, тогуз кат деген сыяктуулар. Ошондой эле сандар "так" жана "жуп" деген дуалдуу эки түшүнүккө бөлүнөт. Бир, үч, беш, жети, тогуз – так сан, ал эми эки, төрт, алты, сегиз жуп сан катарында турган эсептер.

Бул өңдөнгөн көрүнүштөр бекер жерден жаралган жери жок. Байыркы кыргыздар аалам философиясын эң алгачкылардан болуп өнүктүргөн эл болгон. Кээ бир окумуштуулардын айтымында астрономия түшүнүгү кыргыздарда күчтүү жана так болгон да кийинчерээк ал эмпирикалык илимдин алдыңкыларынан болгонго жетишип, ушу бүгүнкү күндөргө чейин адамдар пайдаланып келишет. Астрономиялык жана астрологиялык элдик эмпирикалык илимдер байыркы замандарда Тигр жана Евфрат дарыяларынын ортосунда, Двуречье- «эки суу ортосу» деген мааниде, байыркы шумерлер деген цивилизация болуп, алардын же дал өзү, же аларга ирегелеш жашаган эл катары кыргыздар жана түрк тилде сүйлөгөндөр болушканын жазышат окумуштуулар. Ошондой эле Эки суунун ортосундагы цивилизацияны еврейлер да бизге таандык дешет экен. Эмнеси болсо да атын атаган маселелердин азырынча талашта турганы тарыхый чындык. Далилдери да алигүнчө жетишерлик ченемде табыла электиги бар. Негиз кылынган артефактылар клинопистер, анча-мынча археологиялык табылгалар менен ошол Шумер цивилизациясын жараткан элдердин сүйлөгөн тилдери гана чечмеленгени чындык.

Клинопис чополорду еврей окумуштуулары семит тилинде деп табышууда. Бул факты да чындык болушу толук ыктымал, анткени, суу бойлорунда, дарыя жээктеринде ар кайсы топтогу уруулар, уруктар жан багып, шаар куруп, тарых жаратып, жазуу-сызуу жаратып жашап, көөнө тарыхтын бир бучкагын түзүп келишкени белгилүү эмеспи.

Илгерки падышалар, шахтар жана султандар, фараондор асманда чийилген астрологиялык белгилер аркылуу согуштарды башташкан, жортуулдарга чыгышкан. Кыргыз элинин "пешенесине чийилген тагдыр" деп, балким пайдасы бар үчүн астрология илиминин баштапкы тажрыйбалары эл турмушунда сакталып келгендиги чындык. Эмпирикалык байкоо аркылуу жаралган илим элдин жашоо тиричилигине, мал чарбачылыгына, сезондук жумуштарына чоң көмөк тийгизгенине байланыштуу шарттарда жаралган да, элдик эмпирикалык илимге айланган.

Байыркы кыргыздар оокат чарбасын айдын жылышына, күндүн активдүүлүгүнө жана жүрүшүнө карап иш алып барышкан. Бүгүнкү күндөрдө пайдаланып жүргөн "ай календары – лунный календарь", "күн санагы же солнечный календарь" деп аталган чарба жүргүзүүдө, жашоо-тиричиликтерде, аш-тойлордо ыңгайлуу убактысын белгилеген ай, күн жана апта менен ай, жыл САНоолорунун негиздери ошол байыркы биздин бабаларыбыздын байкоо жолу менен түзгөн чарбачылык системасынын уландысы болгону анык.

"Ай толгондо", "Күн тутулганда" деген табият кубулуштарынын убактысын да күндөрдүн САН эсеби боюнча алдын-ала аныктап турушкан. Ушул өңдөнгөн жашоо шартынан улам "жыл саноо", "апта саноо" "ай башы" деген түшүнүктөр практикалык негиздерге таянып жаралышкан.

Элдин оозеки чыгармаларда "40 чоро", "кырк кыз", өлгөн инсандын "40 ашы", наристенин "40 күндүгүн" белгилөө ырым-жырымдары, "40 чилтен", "төрт тарабы кыбыла", "төгөрөктүн төрт бурчу", "ааламды алты кыдырып", "үчүлүк

аш” деген САНга байланышкан ырым-жырымдар, жомоктор жана түшүнүктөр жашайт эл арасында. Алардын көпчүлүгү ушу азыркы убактарда деле сакталып келүүдө.

Табият күчтөрүнө байланышкан “жети баштуу ажыдаар”, “бир көздүү желмогуз”, байыркы мифтик жомоктордо “одноглазый циклоп”, “сороконожка”, “многоголовая гидра”, “Шива многорукий ” деген сыяктуу түшүнүктөр аң-сезимдерге катуу орногон.

Айтылуу Тибет өлкөсүндө да САНдарга сакралдуу маани беришет. Олуялар окуучу шакирттеринин эң тандалган кыйындарынын “көзүн” мындайча ачышкан: талапкерди 40 күнгө тоодогу таш үңкүргө жаткырып, үңкүрдүн оозун таш менен бекитип, кол баткыдай гана жылчык калтырып, ал жылчыктан күндө бир маал топоздун сүтүнөн жасалган курутту эзип сары май кошуп берип турушкан. Андай көз “ачуу” жоруктун мөөнөтү да 40 күн, 40 саат, 40 мүнөт, 40 секундага созулган.

Эгер диний түшүнүктөргө кайрылсак, кыргызда “кырк өзөн”, “кырк булак”, “кырк мазар”, “40 кулач ажыдаар”, “кырк олуя” деген сырдуу мааниси бар, адамдардын психологиялык табиятына сес берип турчу бакшылык-шамандык жагдайларды жараткан түшүнүктөр жашап келишет. Булар САНга байланышат да бир өңчөй цифралар менен айтылат салт катары. Кыргыздын эпосторунда, жомокторунда байма бай айтылып жүрчү САНга байланышкан географиялык, урбанизациялык жагдайлар кездешет. Мисалы кош тал, эки деген түшүнүк), “эгиздеп, сегиздеп төлдөө”, “эки ажырым жол”, “беш берен”, “жетиген жылдыз – саны 7 деген түшүнүк, “кош жылдыз” ж.б.у.с. Эгерде бул көрүнүштөр жашоодо болбосо, жортуулдаргы аттанышпаса, кайдан оозеки чыгармаларга айланышмак эле.

Жер үстүндөгү жандуунун төрөсү, алдуу, амалдуусу, улугу жана акылдуусу “язычник” түшүнүгүндөгү, - көп кудайлары бар деген маанини берет бул сөз, - кудайларыбыздан кийинки катардагы ыйык жан адамдар деп санашкан.

Мисалы, байыркы Греция мифтик жомокторунда аты аталган кудайлардын көпчүлүгү, - баардыгы болуп деле чыгышы толук ыктымал, тарыхка чейинки жана эрте тарыхый доорлордо жашап өткөн реалдуу адамдар болушкан.

Ал адамдар башкалардан айырмаланышып батырдыгы, ыкчамдыгы, байлыгы, акылмандыгы, амалдуулугу менен бирге каардуу, катуу мүнөзү аркылуу патриархаттык тартипти бекем сактап, элдин башын бириктирип, өз бүлөлөрүнөн тартып, башкалардын да тагдырын чечип турган жарым деспот, баатыр чалыш адамдар болушкан. Алар элине же үй-бүлөсүнө кол салган башка топтун бирөөлөрдүн жашоосуна көз арткан адамдарынан, жашаган жерин, турак жайларын сактап калуу үчүн элин ыкчам күрөшкө уюштуруп турушкан. Мына ушул инсандарды кудай деп атын унутпай сактап келген үчүн жомоктор пайда болгон. Мифология чындыкка жакын деген ойду Чыңгыз Айтматов да айткан жери бар. Адеттегидей, язычник тибиндеги кудайлар деп саналышканы менен аларга бардык эле тирүү жандарга таандык болгон жакшы жаман, оң жана терс сапаттар мүнөздүү болгон.

Ал эми илгерки кыргыздар амалдуу акылдуу адамдардын акылы менен күчүнө сыйынышып, ыйыгындай карашып, алардын кара күчүнө да, акыл күчүнө да таянышкан. “Билеги күчтүү бирди жеңет, акылы күчтүү миңди жеңет”, “санаасы санга, ою онго бөлүнөт”, ”жигитке жетимиш өнөр аздык кылат”, “миң уккандан бир көргөн”, “бир көрмөккө жан бермей”деген макалдарды чыгарышкан. Ошондой эле адам ыйыктыгы аркылуу “жети кыдыр”, “жети баштуу желмогуз”, “жети токоч”, “жети кулач ажыдаар”, “жердин жети катар түпкүрү”, “он эки мүчөл”, “отуз күн орозо”, “жетинин бири кыдыр” деген түшүнүктөрдү аалам түзүлүшүнө, кай бирлерин ай менен күн, жыл саноолоруна туурулап айтышкан. Булар аркылуу тилдин ийкемдүүлүгү жаралган. Эске да бат келип, көкүрөктөрдө түбөлүк сакталып, улуттук тил баалуулуктарына айланышкан.

Илгерки адамдардын түшүнүгү менен ачылыштарында адамдын денесин көтөрүп жүрүүчү негизги күчтөрү 7

омурткадан турган, асман 7 катмардан түзүлгөн деген түшүнүк жашап, адамдык башкы орган мүчөлөрү 7 системадан турганына таянып “жети” деген санды ыйык көрүшкөн.

САН менен байыркы кыргыздар мээнет аркылуу жыйган - терген байлыктарын, жер эне берген оокат-ашты, табият берген баалуулуктарды байланыштырышкан. Соода-сатык иштердин эң алгачкы примитивдмик түрдө “малды”, “товарды” саноо аркылуу, азыркы акча санагандай, колдун бармактары менен эле эсеп-кысаптарын жүргүзүшкөн. САН деген сөздөн дагы деле болсо байлыкка, сарамжалдуулукка тикеден-тике байланышкан САНдык деген буюмдун аты лексикондо пайда болгон. Сандык – байлыкты сактоочу үй буюму. Сандыкка байлыкты сактоо боюнча азыркы күндөрдө деле менталитеттик чоң маани берилет элде. Демек, САНдык – катардагы үй буюму катары каралбастан, ага маанилүү милдет жүктөлгөн буюм катары каралып калган деңгээлге чейин келип жетти деш керек. Кыскасы, байыркы адамдар тапкан-ташыганын, мал санап, сатып, бартер жасап тапкан акчасын өздөрү менен кошо ала жүрүшкөн. Көчүүдө, жортуулдарда жүргөндө ит-куш жеп кетпесин деп тамак ашын сандыктарга салып бөкөлчүлөр жүктөп көчтү коштоп жүрүшкөн. Үй кожейкелери, салттуу байбичелер кант- канделек, өрүк- мейиз сыяктуу таттууларын сандыкта кармоону салтка айлантып алганын ар бирибиз билебиз кыргыз жашоосунда.

Ал таттууларды сары майдай сактап коромжулабай, аш-тойлорго сакташкан кыргыздын байбичелери мейман үчүн. Орто Азия элдеринин салты боюнча кыздын себин, ата-эне берген торко кийимдерди САНдыкка салып күйөөгө узатышкан.

Илгерки замандарда САНдыкты эркектер да пайдаланышкан. Кийим-кечекти, жоо кийимдерин, ок-дарыларына чейин, устачылык аспаптарын кошо ала жүрүшкөн. Эмнеликтен мындай жагдай жаралган? Себеби, байлыкты САНашкан, байлыкты санабаса карым-катнаштарда, соода-сатыктарда, натуралдуу чарба жүргүзүүдө бартер иштерин аткарууда кыйынчылык жаралып, чаташып, бүгүнкү тил менен айтканда байлык ээси “банкротко” учураган. Падышалар байлыктарын, алтын, жакут, лала таштарын, күмүш буюмдарын, зергер коомдуктарын сандыктарга салып, сыртын темир менен каптап, бекем кулпулап, жер түбүнө, орлорго, же үңкүрлөрө ишеничтүү адамдарына, казына кармоочуларына каттырышкан. Сансыз байлыгы, торколору, алтын- күмүш теңгелери болбосо, сандыктар болот беле. Байлык көп болбосо, -сан – кайдан чыкмак да, сактоо үчүн САНдыктар жасалмак эмес. «Сандыгы жок» деп кудалар чырдашып кеткен учурлар да кездешет турмуштан.

Кыргыздар Санаалаш, - ойлору бир жерден чыккандарды, САНда жок,- элдин катарында жок начар кишини, САНдалып,- санга кошула албай жеке жашоодо калганды, САНсызбай,- байлыгы көп адамды айтышкан.

Уруу сүрүштүрүү элдик салт САНжыра деп санга байланып айтылат. Ата-тектти САНап, байыркы кыргыздар теринин бетине рун жазуусу менен түшүрүп, сандыктарга салып сакташкан. Же эсте тутуп жүрүшкөн, ооздон-оозго өтүп айтылып келген. “Жети атасын билбеген жетесиз” деген сөз бар экенин бардыгыбыз билебиз, жети атаны билгенге аракет кылабыз.

Дүйнөлүк бардык тилдердеги зат атоочтор менен ат атоочторду атай берсе, белгилүү сан келип чыгат. Андан ары уланып атоо же САНоо чексиздикке кете берет. Себеби жалпы космостук ааламдык чындыктарга чиеленишкен заттар, аттар, кубулуш, көрүнүштөр, жан-жаныбарлар менен курт-кумурска, аба, суу, күн, көк асман, добуштар, табият шоокумдары баары биригип сан аркылуу ааламдык космостук бир бүтүндүктү түзүшөт. САНдын жөнөкөй сөз же эсеп эместигин ушулардан билсе болот. САН – ааламдык материалдык философияга жуурулушкан сакралдык практикалык феномен дешке негиз бар демекчибиз.

Кыскасы САН деген сөз башка тилдерле да көп жолугат. Көптөгөн сөздөргө ар кыл маанилерди берип, артынан

жармактатып ээрчите жүрөт. САН деген сөз бөлүкчө тарыхка чейинки замандарда, адамдар али жарым жапайы абалда жашаган кездерде адамзаттык бир эле тилде сүйлөгөн окшойт деген ойго келет. Лингвистика илиминде мындай тилди ПРАЯЗЫК, кыргызча АТАТИЛ деп койсок деле жараша берчидей экен,- болгонун айтышат. Ошол "праязыктан" бери келаткан сөз жаратуу шарты болсо керек деп ойлоого мажбурбуз.

САНташ деген сөздү көп таш деп түшүнүшөт кыргыздар. Ысык-Көл облусундагы Санташ деген жердеги дөбө болуп үйүлгөн талштарды Аксак Темирдин согуштарына байланыштырышат экен жергиликтүү эл. Мунун чындыгы бар, анткени Аксак Темир жортуулдап Нарынга чейин барган да ал жерде анын убактылуу ордосу болгон. Аскерлеринин санын жоого түшөөр маалында санаш үчүн бирден таш көтөртүп бир дөбөгө таштаткан да, жортуулдан кайтканда таштарды алдырган аскерлерине. Калып калган таштар жоодо курман болуп шейит кеткен аскерлеринин саны чыккан дешет экен эл арасында.

**Адабияттар:**


1. Майлс Лайза, Смит Алистер. "Астрономия и космос. Энциклопедия" -М.; 2015

2. Николай Кун, «Легенды и мифы Древней Греции» -М.; 1954.

3. «Манас» энциклопедиясы/Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. - Бишкек: Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы, - 1995.

4. "Кыргызстан" улуттук энциклопедиясы, -Б.; 2001.